**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

№ 2 Педагогикалык кеңештин чечими
менен **бекитилди**
Мектеп директору ____________Төлөбек кызы А.
" 15 " ___ноябрь___ 2022- ж.

Жоробек Сатылганов **АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИНИН**

# СТРАТЕГИЯЛЫК ИШ ПЛАНЫ

Мектеп директору: Төлөбек кызы Анара

2022-2025

Сканировано с CamScanner

**(Видение) Мектеп келечекте кандай болот:**

1.Мыкты мектеп билим деңгээли жогору
2.Сапаттуу билим берүүсү менен айырмаланган
3. Мыкты маданиятка ээ болгон
4.Мектеп окуучуларын өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн,позитивдүү атмосфера
5.Жогорку көрсөткүчтөргө ээ болгон,ата-энелер кызыккан
6.Шыктанган мугалим,окуучу .Өзүнө ишенген окуучу,мугалим

## Мектептин миссиясы:

**Инновациялык билим берүү чөйрөсүн түзүү аркылуу билим сапатын жогорулатуу,замандын талабына жооп берген интеллектуалдуу инсанды калыптандыруу.**

**М а к с а т ы: Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө окутуунун инновациялык технологияларын, ыкмаларын пайдалануу менен мыкты көрсөткүчтөргө, ийгиликтерге жетишүү.**

**Милдети**

- билим берүү иштери менен алектенген мамлекеттик эмес уюмдар, эл аралык, мамлекеттик, регионалдык уюмдар менен үй-бүлөлүк өнөктөштүктү бекемдөө, спонсор тартуу себептерин изилдөө,
- предметтик кабинеттерди уюштуруу аларды дидактикалык материалдар, техникалык каражаттар, окуу куралдар менен камсыз кылуу,
- окуучулардын кызыгуусу боюнча кружок жана клуб иштерин өнүктүрүү.
- усулдук бирикмелерди, мектептин басма сөз кызматын уюштуруу (анда усулдук иштеп чыгуулар, иш тажрыйбалар, рекомендациялар чагылдырылышы керек),
- үзглтүксүз билим берүү боюнча ЖОЖ , АООЖ менен келишимдерди түзүү менен
- ата-энелерди мектептин иш - чараларына тартуу, кызматташтыкты күчөтүү,
- акцияларды өткөрүү,
- инновациялык идеялардын конкурстарын уюштуруу.

Сканировано с CamScanner

**Биздин мектеп кандай ? Анын күчтүү жана алсыз жактары кандай?**

2022-2023-окуу жылында 584 окуучу ,даярдоо группасында 39 окуучу окуйт.Аларга 55 мугалим билим,тарбия берет. Жогорку билимдүүсү-. Мектеп «Ой жүгүртүү мектебин түзүү» деген проблемасынын үстүндө иштейт. Мугалимдер сабактарга окутуунун заманбап усулдарын колдонуу менен сабак өтүүгө аракеттенишет. Усулдук бирикмелер тарабынан ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү стратегиялар,методдорду колдонуу боюнча семинар-тренингдер көп өтүлөт.Башталгыч класстарда «Окуу керемет»долбоорунун негизинде сабактар өтүлсө ,5-11-класстарда НАМА фондунун уюмунун максаттуу мектептеринин бири болгондуктан, Руутс программасынын Мектепте кызыгуулар боюнча окуучулар кружокторго тартылышкан. Интерактивдүү доска,проекторлор менен 70% камсыздалды.Мугалимдер,окуучулар көп долбоорлорго катышуу активдүүлүгүнө ээ жана «Тынчтык Корпусу» менен кызматташтыгы ,англис тили сабагынан ар бир жылда райондук ,областтык республикалык олимпиадага чыгышы,райондогу алдынкы мектептердин катарына киргендиги,спорттун Волейбол түрү боюнча командалардын күчтүүлүгү.10-классынын окуучусу Сарбагышов Кубаттын XXI кылымдын интеллектуалдары Эл аралык кароо-сынагына катышып,1-2-орунду камсыз кылуусу жана илим,техника жана өндүрүш жумалыгында

Лабораторияда химиялык,физикалык жабдуулар эски ,реактивдер, жетишсиз.

Спорттук инвентарлар жетишсиз. Музыкалык аспаптар жок.Демөөрчүлөр айыл жеринде аз болушу .Мектептин жайкы ремонтуна мамлекет тарабынан акча каражатынын аз бөлүнүшү.

**Мектебибиздин келечекте кандай болуусун көргүбүз келет?**

Келечекте мектебибизди алдыңкы технологиялар менен жабдылган ,окуучулары ой жүгүртүү маданиятына ээ болгон мугалимдери креативдүүлүгү менен айырмаланган ,бүтүрүүчүлөрү 21-кылымдын көндүмдөрүнө ээ болгондугун көргүбүз келет.

Андан ар кимибиз өзүн алып жүрүүнүн так эрежеси калыптандырылуусу керек. Мектепти башкарууда мектептин администрациясынын мугалимдердин , окуучулардын , ата-энелердин жана коомчулуктун укуктары , милдеттери так болуп туура бөлүштүрүлүшү керек. Мектеп төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө жооп бере тургандай болот:

- Мектеп окуучуга жакшы жетишкендиктерге ээ болуусу үчүн позитивдүү окуу – тарбия чөйрөсүн түзүүсү керек
- Позитивдүү чөйрө түзүү.

Сканировано с CamScanner

- Бул чөйрөдө бардык мугалимдер жамааты жана администрация балдарды окутуудагы азыркы мугалимдин кесиптик өнүгүүсүндөгү проблемаларды чечүүдө жардам бере турган билим берүүдөгү жаңы мамилелери тууралуу көбүрөөк билүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

-Мектеп жамааттын ажырагыс бөлүгү катары эсептелинет да, билим берүүнүн жеткиликтүү сапаттуу болуусуна өзүнүн түздөн-түз таасирин тийгизет, жамаатты өнүктүрүүгө да өз салымын кошот.

- Мектепте окуучулар, мугалимдер өз ара бирин-бири сыйлай турган жагдай түзүлүшү керек. Бир дагы окуучунун, мугалимдин укугуна шек кетпеши керек. Мектепте тартип болуу керек, өзүн алып жүрүү эрежелери аткарылган учурда гана коопсуздук жагынан үзүрлүү болот.
Мектеп жалпы түрдө башкарылышы керек. Администрация, мугалимдер, окуучулар , ата-энелер маселе чечүүдө бирдей укуктагы партнер болушат.

-Мектеп окуу – тарбия процессине баа берет, программаларды аткарат. Башка өлкөнүн региондордун иш тажрыйбаларын окуп үйрөнүп, анализдин жана баа берүүнүн негизинде өзүнүн коррективаларын киргизет.

- Мектеп бардык жагынан окуучуга таалим – тарбия бере турган жер болуусу керек, окуучулар мектепке майрамга бара тургандай маанай менен магнитке тартылгандай сезим менен бара тургандай климат түзүү керек.

**Күтүлүүчү натыйжа**

***Ар бир окуучунун табигый мүмкүнчүлүгүн, шыгын, жөндөмүн аныктап, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, билим берүү менен коомго керектүү инсанды окутуп тарбиялоого аракеттер көрүлөт.***

**Коюлган максатка жетүүгө эмне тоскоол болот?**

- Убакытты туура пайдаланбоо,үйдөн көзөмөлдүн жоктугу
- Кабинеттик системанын жоктугу
- 45 минута сабак менен гана чектелүү

Сканировано с CamScanner

-Ата-энелердин балдарын окутуп - тарбиялоого кошкөңүл катышуусу , ата-энелердин милдеттерин аткарбай коюшу. Ата-эненин мектеп менен байланышынын аздыгы.
-Интернет байланышынын тийгизген терс таасиринин кесепетинен окуучулардын сабакка, окууга болгон кызыгууларынын төмөндөшү.
-Баланы бир нерсеге кызыктыруунун кыйындашы.
- Спорттук, музыкалык инвентарлардын жетишсиздиги

# SWOT анализ:

| Күчтүү жактары | Алсыз жактары |
| --- | --- |
| ✚ Тажрыйбалуу, чыгармачыл ,лидер мугалимдердин иштегендиги<br>✚ Окуу китептеринин,куралдарынын жетиштүүлүгү<br>✚ Мектепти өнүктүрүүдө кошумча каражаттардын тартылышы<br>✚ Жетекчилердин,мугалимдердин ,окуучулардын долбоорлор менен иштөө активдүүлүгү<br>✚ 2019-жылдан бери бүтүрүүчүлөргө НАМА фонду тарабынан ЖОЖго контракттын төлөнүп берилиши<br>✚ Эң мыкты окуучуларга стипендия каралган<br>✚ Техникалык базасы канааттандырарлык<br>✚ Семинар-тренингдердин көп өтүлүшү<br>✚ FLEX программасына окуучулардын өтүшү<br>✚ Олимпиада,ЖРТда жакшы көрсөткүчтөргө ээ болгондугу<br>✚ Педагогикалык кадрлардын жетиштүүлүгү<br>✚ Санариптик технологиялар менен 70% камсыздалгандыгы | ✚ Мектептин капиталдык ремоттон өтпөгөндүгү<br>✚ Окуучулардын сабактан калуусу, ата-эненин баланын билим алуусуна болгон кайдыгерлиги<br>✚ Айрым окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусунун төмөндүгү,телефон менен көп убакыт өткөрүүсү<br>✚ Сабактар предметине жараша өз кааналарында өтүлбөгөндүгү<br>✚ Айрым мугалимдердин сабак менен гана чектелүүсү,окуучунун шыгына ,кызыгуусуна анализ кылбагандыгы<br>✚ Усулдук колдонмо куралдардын жетишсиздиги<br>✚ Кол өнөрчүлүк устакананын жабдыктарынын жоктугу<br>✚ Спорттук инвентарлардын жетишсиздиги<br>✚ |
| Мүмкүнчүлүктөр | Көйгөйлөр |
| ✚ Ата-энелер менен мектептин байланышын жакшыртуу. | Жумалык жүктөмдү туура бөлүштүрүүдө жаш кадрлардын бошоп |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| - Сабагынан жетишпеген окуучулардын билим сапатын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша көтөрүү.<br>- Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу менен иш алып баруу.<br>- Мугалимдердин билимин, чеберчилигин жогорулатуу.<br>- Пландарды биргелешип, иштеп чыгуу.<br>- ЖРТгө,предметтик олимпиадаларга даярдап республикалык турга жетүү<br>- | кеткендиги.<br>Интернет байланышынын тийгизген терс таасиринин кесепетинен окуучулардын сабакка, окууга болгон кызыгууларынын төмөндөшү. Баланы бир нерсеге кызыктыруунун кыйындашы. Ата- эненин мектеп менен байланышынын аздыгы. Окуучулардын санынын азайышы. Окуучунун билимин баалоодогу формалдуулуктун өкүм сүрүшү. ЖРТга окуучуларды даярдоо боюнча мугалимдер кошумча даярдыктан (курстан)өтпөгөндүгү.<br>Предметтик олимпиадаларда областтык турдан орун ала албагандык, райондук деңгээл менен чектелүү. |

## К ө й г ө й л ө р:

1. Окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусунун төмөндөшү.
2. Окутуудагы окуучунун жыйынтык көрсөткүчүнүн төмөндүгү.
3. Окуучунун жетишкендиктерин баалоо техникасынын жетишсиздиги.
4. Ата-энелердин мектеп турмушуна, окуучунун билим алуусуна кайдыгер мамиледе болуусу.

Сканировано с CamScanner

5. Милдеттердин так аткарылбай, кагаз жүзүндө калышы.

6. Ар кандай иш чараларды аткарууда акча каражатынын тартыштыгы, кошумча демөөрчүлүктүн жетишсиздиги.

Стратегиялык пландын негизинде 2022-2027-жылдарда мектепти өнүктүрүүдө алдына төмөндөгүдөй максатты көздөйт.

**1-Стратегиялык максат:** **Жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана сапаттуу билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.**

**2-Стратегиялык максат:** **Мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу, профессионалдуулугун арттыруу.**

**3-Стратегиялык максат:** **Окуучуларды коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандырууга тарбиялоо**

**4-Стратегиялык максат:** **Балдарды окутуп – тарбиялоонун сапатын жогорулатууда ата-энелерди, коомчулукту, жамаатты катыштыруу.**

**5-Стратегиялык максат:** **Мектептин материалдык - техникалык базасын чыңдоо**

Сканировано с CamScanner

## 1. Жаңы технологияларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана сапаттуу билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

| № | Аткарылуучу иш чаралар | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | Жооптуулар | Өнөктоштор | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучуларды предметтик олимпиаданын республикалык баскычына даярдоо, көрсөткүчтөргө ээ болуу | + | + | + | + | + | ОББ, Предметтик мугалимдер | Тажрыйбалуу мугалимдер, Secom, Нова билим берүү борбору ж.б. | Байгелүү орундарга жетишүү |
| 2 | Бүтүрүүчүлөрдү ЖРТ даярдоо, даярдоо курстарына жиберүү. Алтын сертификат алууга жетишүү | + | + | + | + | + | ОББ, Предметтик мугалимдер, класс жетекчилер | Атайын курстар, онлайн тестирлөө, Secom,Nova, BRIGT,ACT лидер окуучулардын тобу ж.б. | Билим сапаттын жогорулашы Бюджеттик формада билим алуу, Туура кеси тандоо |
| 3 | «Алтын тамга» артыкчылык аттестатына, «Артыкчылык күбөлүккө» талапкер окуучулар менен жекече иш алып баруу | | + | + | + | + | ОББ, Предметтик мугалимдер, класс жетекчилер | ЦООМО, НЦТ, онлайн тестирлөө борборлору ж.б. | Мектептеги жалпы били сапаттын жогорулашы, окуучулардын изденүүс |
| 4 | Окуучулар менен интеллектуалдык марафонду өткөрүү | | + | + | + | + | Мектеп администрациясы | "Ак-Талаа биримдиги" жаштар коому, "Багыт" лидер академиясы,"коомчулуктар | Интеллектуалдык марафон өткөрүлүп, мектеп ичиндеги олимпиадага даярдык башталат |
| 5 | PISA мектеп окуучуларынын билим берүү жетишкендиктерин эл аралык изилдөөсүнө катышуусуна даярдоо | | + | + | + | + | Предметтик мугалимдер | ЦООМО, НЦТ, онлайн тестирлөө борборлору ж.б. | Окуучулардын билим сапаты анализделип тур |
| 6 | «Окутууну жетектөө» семина-тренинг өтүү | | | + | + | + | Мектеп директору УБ нын жетекчилери | НАМА фонду " долбоору, "Санарип медиа бурчу"ж.б. | 9-11- ласстарда таанып билүүнү жаны формасын өздөштүрөт, окуучулардын ишмерд лүгү негизделет |

Сканировано с CamScanner

## 2. Мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу, профессионалдуулугун арттыруу

| № | Аткарылуучу иш чаралар | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | Жооптуулар | Өнөктоштор | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуутунун жаны стандарттары боюнча семинарларды уюштуруу жана райондук, облустук, республикалык масштабдагы семинарларга катышуу | + | + | + | + | + | Окуу бөлүмүнүн башчысы, методикалык бирикме жетекчилери | Ак-Талаа РБББ мет.кабинети, НОУББ, Санарип мугалим "Креатив билим берүү комплекси", НАМА фонду,РУУТС прогр. | Окутуунун заманбап ыкмаларын колдонууга конугушот |
| 2 | Методикалык кенештин ишин презентациялоо "Чыгармачыл мугалимдер" мектебин түзүү | | + | + | | + | Метод кенештин жетекчиси: | Мектептин инновациялык тажрыйбасынын анализи МК нын ишинин планы боюнча | МК кандай усулдук жардам берет мугалимдерге малым болот |
| 3 | Мугалимдердин билимин жогорулатуу боюнча перспективалык планды иштеп чыгуу, курстарга баруусун уюштуруу. Жаш мугалимдерге усулдук жардам. | + | + | + | + | + | Мектеп жетекчилери, предметтик мугалимдер | Курстар:<br>КАО, "Креатив билим берүү комплекси", "Аян" борбору, Санарип технология, STEAM | Курстардан оз билимдерин жогорулатышат. Жаны технологиядагы ыкмаларды үйрөнүшөт |
| 4 | «Жылдын мыкты мугалими», "Биринчи мугалим", "Санарип мугалим" кароо сынагын жарыялоо жана өткөрүү, райондук, областтык, республикалык кароо сынактарга катыштыруу | + | + | + | + | + | Мугалимдер, мектеп администрациясы | Ак-Талаа РБББ мет.кабинети, НОУББ, Санарип мугалим, "Биринчи мугалим" Данияров | Мугалимдердин билим денгээли жогорулайт |
| 5 | Мектеп ичинде мугалимдерди аттестациядан откоруу. Мугалимдердин компьютердик технология сабаттуулугу менен иш алып баруу, интернет байланышы | | + | + | + | + | Мектеп администрациясы ОИВТ мугалими: | Өзүн- өзү өнүктүрүүчү курстар | Мугалимдердин билим денгээли жогорулайт, өзүн өзү баалоо жүргүзүлөт |

Сканировано с CamScanner

## 3. Окуучуларды коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандырууга тарбиялоо

| № | Аткарылуучу иш чаралар | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | Жооптуулар | Өнөктөштөр | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулар арасында акылды өстүрүүчү интелектуалдык таймаштарды өткөрүү. | + | + | + | | | Уюштуруучу Класс жет. Предметтик мугалимдер | АСТ программасы BRIGHT программасы НАМА фонду | Атаандашуу пайда болот,жыйынтыгында көп окушат, аракеттенишет |
| 2 | Мектепте жана башка коомдук жайларда окуучунун өзүн-өзү алып жүрүүсүнө,жүрүш-турушуна байкоо жүргүзүү | | | + | + | + | Мектеп админ. Мугалимдер | АСТ BRIGHT "Багыт" лидер академиясы | Окуучулар коомдук иштерге аралашат, адептүүлүккө үйрөнүшөт. |
| 3 | Таанып билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү.Мектепте ар түрдүү иш чараларды өтүү. «Мыкты класс», «Мыкты окуучу» | + | + | | | | Уюштуруучу | "Мыктынын мыктысы" мониторинги | Окуучулардын жоопкерчилиги бааланат,мотивация болот. |
| 4 | Белгилүү даталарга, майрамдарга карата кечелерди ачык класстык сааттарды, Викториналарды уюштуруу. | | | | | | Уюштуруучу | Коомчулук, ИДН, ФАП | Атаандаштык пайда болот. Эстетикалык жактан тарбияланат. |
| 5 | Кылмыштуулукту алдын-алуу боюнча класстык саат,тегерек стол, жолугушууларды өтүү | | | | | | Уюштуруучу Соц.педагог. Кл. Жетекчи | Соц.кызматкер, ИДН, коомчулук | Окуучулар кылмыштуулукка барбайт. |
| 6 | XXIкылымдын интеллектуалдары жана илим ,техника,өндүрүш жумалыгын 7-11-класстар арасында өткөрүү.Эл аралык турга катышкан окуучулардын тажрыйбаларын жайылтуу | + | + | + | + | + | Уюштуруучу Кружок жетекчиси | ДОЦ, физика ийрими ,"Алтын түйүн" | Таланттуу окуучулардын билимин тереңдетүү , стимул берүү.Таланттуу окуучулар тандалат. |
| 7 | Коомдук уюмдар жана мектептин | | | | | | Уюштуруучу | Коомдук | Коомдук иштерге |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | өзүн-өзү башкаруу уюму менен иш жүргүзүү | | | | | | Парламент жетек.,Кыздар уюму | уюмдар | аралашат.Өзүн-өзү башкарууга үйрөнүшөт. |
| 8 | Мектептин айланасына ишембиликтерди өткөрүү,жашылдандыруу,көрктөндүрүү иштерин уюштуруу | | | | | | Уюштуруучу Зав.хоз | Ата-энелер, айылдык кенеш | Мектептин айланасы тазаланат,бак-дарак отургузулат.Гүлдөр тигилет |
| 9 | Класс активи, кыздар уюмдары менен иштөө. Ар кандай сынактарды өткөрүү | | | | | | Уюштуруучу Парламент жетек.,Кыздар уюму | Мед. айым. Аялдар кенеши | Кыздар уюмунун чогулуштары убагында өтүлөт, тарбиянын багыттары берилет |
| 10 | Класста же мектепте өз ордун таба албай жаткан, сабакты көп калтырган, мүнөзү оор окуучулар менен жекече иш жүргүзүү | | | | | | Уюштуруучу Соц.педагог | Соц.кызматкер | Жолугушуу,жекече сүйлөшүү,анкета жүргүзүү. |
| 11 | Окуучулар дене боюнун туура өсүшүнө түрткү берүүчү ар кандай спорттук иш чараларды өткөрүү | | | | | | Уюштуруучу Соц.педагог Кружок жет. | “Мектеп лигасы” | Окуучулар спорттун ден-соолукка пайдалуу экенин сезишет. |
| 12 | Өзүн- өзү өнүктүрүүчү, лидердик, патриоттук сапаттарга ээ болууга арналган трениндерди, дебаттарды уюштуруу | | | | | | Балдар өспүрүмдөр уюму | “Багыт” лидер академиясы | Окуучулардын активдүүлүгү жогорулап, патриоттуулук сезими бекемдейт |

## 4. Балдарды окутуп – тарбиялоонун сапатын жогорулатууда ата-энелерди, коомчулукту, жамаатты катыштыруу.

| № | Аткарылуучу иш чаралар | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | Жооптуулар | Өнөктөштөр | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3. | Ата-энелер комитетинин ишин активдештирүү | + | + | | | | Класс жетекчилер | Ата-энелер комитеттери | Ата-энелер комитетинин жоопкерчилиги күчөйт. |
| 4. | Мектепте жуманын бир күнүн «Ачык эшик» күнү деп белгилеп,ата-энелерди сабакка | + | + | + | | | Класс жетекчилер | Ата-энелер | Балдарынын сабагына катышат,билим сапатына,тарбиясына көзөмөл |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | катыштыруу | | | | | | | | жүргүзөт. |
| 5. | Ата-энелер комитети, айыл өкмөтү менен бирдикте материалдык жактан тартыш окуучуларга жардам уюштуруу | + | + | + | + | + | Айыл өкмөтү, администрация | Айылдык кенештин депутаттары, соц.кызматкер | Окуучуларга материалдык жардам көрсөтүлөт. |
| 6. | Мектепте ата-энелер бурчун уюштуруу:<br>А) Үлгүлүү ата-энелердин сүрөтүн илүү<br>Б) Балдардын окуудагы жетишкендиктерин чагылдыруу | | + | + | + | + | Администрация Ата-энелер комитети Класс жетекчилер | Камкорчулар кенеши, демөөрчүлөр | Бурч уюштурулат,сүрөттөр илинет,мониторинг жүргүзүлөт. |
| 7. | «Ата-энелер «мектебинин ишин жандандыруу | | | | | | Уюштуруучу Соц.педагог Класс жетекчи | Лекция, Доклад | Ата-энелер бала тарбиялоонун ыкмаларын,эрежелерин үйрөнөт. |
| 9. | Тарбиялоого кыйын болгон окуучу менен ата-эне коомчулуктун көңүлүн буруп жекече иш жүргүзүү | | | | | | Проф.кеңеш | Соц.кызматкер ИДН | Тарбиялоого кыйын болгон окуучу менен план боюнча иш алып барылат. |
| 10 | Ата-энелердин балдары менен бирдикте ар түрдүү сынак,спорттук мелдештерге катыштыруу. | | | | | | Класс жетекчилер дене тарбия мугалими | Ата-энелер комитеттери, АК депутаттары | Ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамиле чыңдалат. |
| 4 | Ата-эненин жоопкерчилигин арттыруу максатында «Энелер мектеби» долбоорун ишке ашыруу | | | | | | Мектеп директору Уюштуруучу | Ата-энелер | Ата-эненин жоопкерчилиги артат |
| 5 | «Өрнөктүү өмүр» аталышында мектепти түптөгөн инсандар менен жолугушууларды өткөрүү | | | | | | Мектеп администрациясы | Мугалимдер | Мектептин коомчулук менен иш алып баруусу жогорулайт |
| 6 | Камкорчулар кенешинин ишин жандандыруу | | | | | | Мектеп администрациясы | Демөөрчүлөр | Мектептин көйгөйлөрүн чечүүгө жардам беришет |

**5. Мектептин материалдык - техникалык базасын чыңдоо**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 | 2027 | Жооптуулар | Өнөктөштөр | *Күтүлүүчү натыйжа* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

Сканировано с CamScanner

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мектеп инвентарларын класс жетекчилерге кабинет башчыларына бекитип берүү | + | | | | | Директор Завхоз | Канаа башчылар | Инвентарлар толук сакталат,көзөмөлгө алынат |
| 2. | Мектептин санитардык абалын жакшыртуу материалдары менен камсыздоо | + | + | + | | | Директор Завхоз Тех персонал | Тоголок Молдо айыл өкмөтү | Санитайзер, раковина, кол кургаткыч ж. б. коюлат. |
| 3. | Өрт коопсуздугуна керектүү шаймандар менен камсыз кылуу | | | + | | | Директор Завхоз | Камкорчулар кеңеши | Керектүү шаймандар менен толукталат |
| 4 | Мектептин залынын стенддерин жаңылоо | + | | | | | Директор ОББ | Мугалимдер жааматы | Мектептин ички жасалгасы жакшырат |
| 5. | Көмөкчү чарбанын кирешесин көбөйтүү | | + | | | | Айыл өкмөтү Директор завхоз | Жер комиссиясы | Мектепке кошумча каражат ,киреше бөлүгү |
| 6. | Спорттук аянтчаны стандарттуу эмес жабдуулар менен толуктоо | | + | + | + | | Дене тарбия мугалимдери | Демөөрчүлөр | Спорт аянтчасы жаңыртылып,толукталат |
| 7. | Компьютердин санын көбөйтүү | | + | + | | | Директор | НАМА фонду Едулид прогр. Келечек үчүн билим берүү Билим берүү жана илим министрлиги | Компьютерлер алынат. |
| 8. | Спорт инвентарларын алууга демөөрчүлөрдү табуу | | | + | + | + | Директор Пред. Мугалимдер | Демөөрчүлөр | Инвентарлар мнен камсыз болот. |
| 9. | Окуучулардын шашке тамагын берүү үчүн уюшулган ашкана эмеректерин толуктап туруу. | + | + | + | + | + | Администрация | Демөөрчүлөр, ата-энелер | Инвентарлар менен дайыма толукталат. |
| 10 | Санузелдерди толук ремонттон өткөрүү | | + | + | | | Директор | АРИС уюму | Окуучулардын санитария,гигиеналык шарттары жакшырат |
| 11 | Мектептин ашканасынын идиш жуучу комнатасын ремонттоо | | + | + | | | Чарба башчысы | Тех.кызматкерлер | Санитардык талаптарга жооп берет |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | Окуу кабинеттерине ремонт жүргүзүү үчүн демөөрчүлөрдү табуу | | + | + | | | Директор | Демөөрчүлөр | Автордук канаалардын берилишин тастыкташат |
| 13 | “Мектебим менин эсимде” Мектептин 10 жылдык бүтүрүүчүлөрүн демөөрчүлүккө тартуу | | + | + | + | + | Директор, класс жетекчилер | Демөөрчүлөр | Мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртууга салым кошушат |
| 14 | Мектептин чатырын алмаштыруу жана үстүн жылуулоо | | + | + | | | Директор | Демөөрчүлөр Долбоор | Проект жазуу аркылуу мектептин чатырын алмаштыруу жана жылуулоо аркылуу коопсуздук сакталат |
| 15 | Мектептин сырткы көрүнүшүн ондоо,дубалын ремонттоо | | + | + | + | | Чарба башчысы | Тех.кызматкерлер | Мектептин көмөкчү чарбасы, биоучастогунун көрктөндүрүлүшүнө шарт түзүлөт |
| 16 | Интерактивдүү доска, телевизор, проектор менен класстарды жабдуу,жаңылоо | + | + | + | | | Директор | Демөөрчүлөр | Тех.каражаттар менен камсыздоо заман талабына ылайык сабактар инновациялык ыкмалар менен өтүлөт |
| 17 | Китепкананын окуу китептеринин базасын толуктоо, көбөйтүү | + | + | + | + | + | Директор Китепканачы | Демөөрчүлөр | Окуучулардын билим сапаты жогорулайт |
| 18 | Сантехникалык кызмат кылууга керектүү шаймандар менен жабдуу | | + | + | | + | Чарба башчысы | сантехник | Мектептин ондоп түздөө иштери өз убагында сапаттуу, коопсуз аткарылат |
| 19 | Мектептин залынын дорожкасын алмаштыруу | | + | + | | | Директор | Демөөрчүлөр | Залдын ички көрүнүшү жакшырат |
| 20 | Окуу кааналарынын методикалык жабдылышын жаңыртуу | | + | + | + | + | Каана башчылары | Демөөрчүлөр | Мугалимдер үчүн шарт түзүлөт |

Мектеп директору:_______________________ Төлөбек кызы А.

Сканировано с CamScanner